*УДК: 378. 14:53*

***Борубекова Г. К., окутуучу***
***Академик М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети***

# ДИАЛЕКТИКАЛЫК СӨЗДӨРДҮ ИНТЕРАКТИВДҮҮ ОКУТУУ

# INTERAKTIVE TEACHING OF DIALECTICAL WORDS

***Аннотация:*** *Бул макалада кыргыз тили сабагында заманбап билим берүүнүн ыкмаларын колдонуу өзгөчөлүктөрү чагылдырылган.*

***Аннотация:*** *Особенности данной статьи является глобальным образованием и процесс обучения, отражая методы применения стратегии РАФТ*

***Abstract:*** *Features of this article is a global education and learning process is reflected in the methods of application of the strategy of the RAFT*

***Түйүндүү сөздөр:*** *интерактивдүү, презентация, активдүү, ыкма, анализ, баалоо, жыйынтык, кадам.*

***Ключевые слова:*** *интерактивный, презентация, активно, метод, анализ, оценить, исход, шаг.*

***Key words:*** *interactive, presentation, actively, analysis, efficiency, estimate, method, exodus.*

Дүйнө атам замандан бери тынымсыз өнүгүү, өзгөрүү процессин баштан кечирип келет. Азыркы учурда дүйнөнүн маалыматтык коомго айлануусу окутуу, тарбиялоо чөйрөсүндө да олуттуу өзгөрүүлөрдү жараткандыктан, билим берүү жакынкы келечекте кандай болору жөнүндө божомолдор арбын. Маселен, П.Друкердин пикири боюнча маалымат коомунда билим куралга, окуп үйрөнүү биринчи зарылдыкка айланат десе, Х.Конингдин пикири боюнча 20-кылымда “Ар бир -билим” урааны, “Ар бир адамга-квалификация” ураанына айланат да, адамдын билгичтик, жөндөмдөрү биринчи планга чыгат. Мындан улам дүйнөлүк алкакта иш, материал, же энергия тартыш эмес, билим болгондо да тынымсыз өнүгүү абалындагы технологиялык билимдер дефицитке, квалификациясын тынымсыз өзгөртүп , өнүктүрүп турууга муктаж болушат (1).

Бул жагдай эң оболу окуу жайлардагы окутуу технологияларын олуттуу өзгөртүү зарылдыгын жаратат. Арийне педагогика илиминде окутуу ишин заман талабына шайкеш өнүктүрүү боюнча аракеттер жасалып келүүдө. Бул иш оболу салттуу окутуу системасынын дурус жана буруш жактарын сын электен өткөрүү менен коштолууда. Мында коомдук пикир адилет белгилеп келе жаткандай окутуучу массасынын көпчүлүгү студенттерди заманбап методдордун негизинде окутуу ишине басым жасала башташты.

Айрыкча, билим берүүнүн заманбап үлгүдөгү интерактивдүү билим берүүнүн жаңыча жолдору изилдене баштады. Интерактивдүү окутуу салттуу окутууга караганда бир топ өзгөчөлүктөргө ээ. Анткени, интерактивдүү окутуу-аралыктан окутуу деген түшүнүктү берип, студент менен окутуучунун ортосундагы ачык, жакын байланыш жүзөгө ашат.

Интерактивдүү окутуунун негизги максаты конкреттүү билимдерди, билгичтиктерди өздөштүрүүдө оң натыйжа берүү менен, адамдын келечектеги жашоосуна жана билим деңгээлине, жыйынтыктуу оюна өбөлгө болуучу күч катары кызмат кылуу болуп саналат. Андыктан, мындай натыйжалуу максаттардын ишке ашуусуна бүгүндөн баштап иш-аракеттерди жасашыбыз абзел. б.а. интерактивдүү билим берүүдө өзгөчөлүктөрдү сабактарда колдоно билүүгө жетишүү негизги маселелерден болуп келет. Мындай көйгөйлөрдөн арылуу үчүн ар бир окутуучу интерактивдүү окутуунун негиздерин туура багыт менен өздөштүрсө гана “Сен деңиз панары сыяктуу милдетиңди аткар, жарыгыңды чач, жол көрсөт, бороонго жеңилбе” деген принциптин негизинде заманбап окутуу ыкмаларын өздөштүрө алынат.

Буга мисал болсун үчүн төмөндөгүдөй кыргыз тилинин чак категориясы боюнча сабактын иштелмесин сунуштайбыз.

**Көргөзмөлүү сабактын иштелмеси**

**Сабактын темасы:** Адабий тили жана жергиликтүү диалектилер менен карым-катышы

**Колдонулуучу ыкма:** РАФТ

**Сабактын максаты:**

1. РАФТ стратегиясын пайдалануу аркылуу жергиликтүү тил жана диалектика жөнүндө түшүнүк алышат.
2. Мүнөзүндөгү өздүк касиеттери жогорулайт.
3. Жазуунун, сүрөт тартуунун, татымын тандай билет.
4. Бири-бирин угууга, сыйлоого үйрөнүшөт.
5. Адабий тил менен диалектилик сөздөрдү турмушта колдоно билүүгө көнүгүшөт
6. Оозеки жана жазуу көндүмдөрү өнүгөт.

**Күтүлүүчү натыйжа:**

- **С**туденттердин интеллектуалдык деңгээли жогорулайт.
Логикасы өсөт
Алган түшүнүктөрүн башка предметтер менен байланыштыра алат. --
Атаандашуу процесси түзүлөт.
-- Ар кандай ситуацияга даяр болот, андан чыга алат.

**Сабактын жабдылышы:** Ватмандар, слайд, окуу китептери, маркер, стикер, ар түрдүү сүрөттөр.

**Предмет аралык байланышы:** География, математика, сүрөт, адабият, биология, дене-тарбия**.**

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу, чакыруу, түшүнүү, ой жүгүртүү. **Уюштуруу:**

**Окутуучу:** Саламатсыңарбы, балдар! Биз бүгүнкү сабакты жети тилдин саламдашуусу менен баштайлычы, балдар? Себеби, кыргыз элинде “Канча тил билсең ошончо адамсың” деген макал бар эмеспи. Андыктан келгиле, балдар, жети тилде саламдашып алалы**.** (Студенттер жети тилде саламдашат) **Муз жаргычтар**. “Кол чабуу” музжаргыч менен башталат-**3мин. Окутуучу :-**Жакшы. Биз өткөн сабагыбызда табу жана эвфемизм жөнүндө маалымат алганбыз ээ, балдар?

Азыр төмөндөгү математикалык амалдарды аткаруу менен көрсөтмөлөр аркылуу үй тапшырмага жооп бергиле.

**10+7=?** **24+2=?** **28:2 = ?**

**5*4 =?** **24-5 =?** **100-99 =?**

Окутуучу: Азаматсыңар, балдар. анда эмесе жаңы теманы баштаардан мурун айткылачы балдар, Кыргызстанда канча облус бар? **Студенттер:** Ош, Жалал-Абад, Баткен, Талас, Ыссык-Көл, Чүй. Нарын облустары бар. (Жети облустун картасын окутуучу доскага илет).

Мен кече Кара-Сууга барып балдар кымбат баада жети түрдүү көйнөк сатып алдым. Ошол көйнөктөрүмдүн этикеткасында мен үчүн түшүнүксүз сөздөр бар экен. Ошолорду түшүнүү үчүн мага географиялык карта аркылуу жардам бергилечи, балдар?

(Окутуучу студенттердин айтуусу менен көйнөктүн этикеткасындагы диалектилик сөздөрдү карта боюнча жайгаштырат).

**Окутуучу**: Абдан туура, азаматсыңар балдар! Бүгүнкү өтүлө турган темабыз да, ошол облустардын өздөрүнө ылайык сүйлөө өзгөчөлүктөрү, адабий тил менен кандай карым-катышта экендиги жөнүндө болмокчу.

**2. Түшүнүү**

**Слайдда жети облустун сүрөтү көрсөтүлөт. Ар бир сүрөттүн астына тема боюнча түшүнүк жазылат. (Слайд көрсөтүлөт).**

Адабий тил жалпы элдик тилдин негизинде калыптанат. Кандай гана тилдин өнүгүшү болбосун, ал элдин тарыхы менен тыгыз байланышта болот, б.а. тил коомдук көрүнүш катары коом менен бирге өнүгүп-өзгөрөт. Мындай коомдук тарыхый факторлор

кыргыз жазма адабий тилинин пайда болушун жана анын бардык нормалары боюнча өнүгүшүн шарттады.

Демек, жазма адабий тили жакында эле, тагыраак айтканда, Октябрь революциясынан кийин гана башталган кыргыз адабий тили үчүн диалектилик байлыктар—анын бүгүнкү өнүгүшүндө, абалында бирден-бир аны толуктоочу, аны байытуучу негизги база.

Айрым бир аймакта жашаган эл тилдик өзгөчөлүккө ээ болуу менен адабий тилде ажырымда экендиги байкалат. Мындай айырмачылык жергиликтүү өзгөчөлүккө учуроо менен ал жерде жашаган адамдар үчүн байкала бербейт. Бирок коомдук иштерди аткаруу учурунда, жазуу иштеринде, окутууда кагаздарын толтурууда пайдаланууга ыйкемсиз. Анткени коомдук иштер адабий тилдин нормасында бардык элдер үчүн түшүнүктүү, ынанымдуу болууга тийиш.

Жалпы элдик тилдин жергиликтүү өзгөчөлүгүнө ылайык өзүнүн кээ бир фонетикалык, лексикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрү менен адабий тилден айырмаланган бөлүгү **диалект** деп аталат. Кыргыз тилинде түндүк жана түштүк диалекти деген эки чоң топ бар экендиги белгилүү. Ал эми территориялык жактан анча чоң эмес аймактагы тилдик өзгөчөлүктөр **говорлор деп аталат**. Кыргыз тилинде Чүй, Талас, Ыссык-Көл, Нарын, Ош, Баткен, Жалал-Абад ж.б. говорлор бар. Тилдик өзгөчөлүктөрдү адабий нормадан айырмалап турган фонетикалык, лексикалык, грамматикалык белгилери боюнча бөлөбүз..Эгерде адабий нормадан айрым бир тыбыштык жагынан ган өзгөчөлөнсө , ал фонетикалык диалектизм деп аталат:

М: Тоо–тов, суу-сув, сагыз-чакыч, үбөлүк-увалик, ушул жерде- шуетте, ошондой-шондой, келе жатат-келатыр, бул жерде-буетте, келет-келеттер, куурдак-куурма.

Адабий нормадан айрым бир түшүнүктү атоо учурунда сөз катары айырмаланып калган болсо, анда лексикалык диалектизмдер деп аталат. Мисалы, асел—бал, астана—босого, чарс—азоо, ойпут—кокту, тага—таяке, айна—күзгү, арсак—эрке, ачыма—максым, балыш—жаздык, бээр—**Фонетикалык өзгөчөлүктөргө мисал келтирели:**

Мисалы 1: Айзат ***пычакты*** туура кой.-***Пычак бычак-*** 2.: Мен ***кысыл*** алма жедим. ***Кысыл-кызыл-*** **Грамматикалык өзгөчөлүккө мисал:**

**1.** Асел үйдү ***мыктай*** кылып жыйнады. ***Мыктай мыкты-***

2.Китепти ***шондой*** жерге кой. ***Шондой-ошондой***

### 3. Ой жүгүртүү

**1-кадам**.: Топторго бөлүнөт.( Мугалимдер, актерлор, сүрөтчүлөр)

**2-кадам**: Берилген тема боюнча ой жүгүртүү үчүн убакыт берилет. Ар бир топ өздөрүнүн дептерлерине бөлүнгөн тапшырмаларды жазып алышат. Бышыктоо максатында башка предметтер менен байланышкан тапшырмаларды дептерлерине жазып, андан соң түшүндүрүп беришет.Ага окутуучу багыт берет.

**3-кадам**: 1-топ берилген жаңы тема боюнча алган билимдерин бөлүнгөн стратегияларды колдонуу аркылуу презентациялашат.

**Мисалы:** Мугалимдер тобу өз тапшырмасын аткаргандан кийин төмөнкү кошумча тапшырманы аткарышат: Төмөндөгү терминди диалектилик жана адабий тилдеги сөздөр менен чечмелегиле. д- **даңгаса-жалкоо, и-ирик-ирик-чоң-чоң, а- апкел-алып кел** – л- **ликап- табак, е-ек–жок, к-кумура–гөзө, т-тукум-жумуртка**

**4-кадам**: 2-Актерлор тобу жаңы тема боюнча түшүнүктөрүн өз өнөрлөрү аркылуу көрсөтүү менен, кошумча төмөндөгү тапшырманы аткарышат:

Шифрленген тамгаларда тыбыштык жактан өзгөргөн лексикалык диалектилик сөздөр катылган. Аларды таап, адабий тилге айландыргыла?

**Мисалы: Диалектилик сөз** (эшит) **Адабий норма (Ук)**

1. **Э.Л.Ш.А.Й.Е.Т.**
2. **Д.А.Е.Н.П.К.У.И.Р.**
3. **П.У.А.З.С.**
4. **К.В.Е.Л.Ж.А.Т.Н.Ы.У.Р.**

5. **Г.Ц.Ө.Ш.**

6. **К,Р,А,Ч,Я,Ш,Н,В,А Жообу:** Эшит-ук, капкил-депкир,пас-төмөн, келатыр-келе жатат, гөш-эт, аяшава-байке

**5-кадам**: Сүрөтчүлөр кошумча төмөндөгү тапшырманы түшүндүрүп беришет.

7.1.Математикалык амалдарды катыштыруу менен тапкан сандын баш тамгасы кайсы менен башталса ошол тамгага кеткен диалектилик сөз жаз?

1.8*5=40(кырк)-катык 2.100*10=1000(миң)–мака

**6-кадам:** Ар бир топ сабакка анализ беришет. **Мугалимдер** тобу баракчаларга сабактын анализин жазуу иретинде сунушташат. **2-3- топтор** Дене-тарбияда ойнотулуучу топту бири- бирине ыргытып анализдейт. Мисалы. Наргиза:-бүгүнкү сабак мен үчүн аябай кызык болду. Себеби, башка предметтер менен байланышып өттүк. Диалектилик сөз менен адабий тилдеги айырманы билип алдык.-деп, топту кийинки студентке ыргытат. Анализ топту студенттердин айлантуусу менен улантылат.

**7-кадам**: Топтор бирин-бири баалашат. Окутуучу баалоону жыйынтыктайт.

**8-кадам**: Үйгө тапшырма берилет.

***Адабияттар:***


1. Муратов А. «Мектеп» 2005. –Б. 50.
2. .Суворова Н. «Интерактивное обучение»: новые подходы «Учитель журналы». 2000. -№ 25-27.
3. Конинг Х. «Заметки о XX веке» //-Иностр. литер. 1999. -№ 2.-Б.114.
4. Укуева Б. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун илимий-педагогикалык негиздери. –Ош.2012.13 –Б.23.